БОРБОРДУК АЗИЯ УНИВЕРСИТЕТИ

*Тажикстан ◆ Кыргызстан ◆ Казакстан*

# БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН САЛТАНАТТУУ АЗЕМИ

16-ИЮНЬ, 2023-ЖЫЛ



# Программа

**10:30 – 12:30**

**Бүтүрүүчүлөрдүн салтанаттуу жүрүшү**

**Мамлекеттик гимндер**

Куттуктоо сөзү
**доктор Шамш Кассим-Лакха**
БАУнун Камкорчулар Кеңешинин Төрагасы

Куттуктоо сөзү
**Ханбийке Зара Ага Хан**
БАУнун Камкорчулар Кеңешинин мүчөсү

Негизги Куттуктоо сөзү
**Анита Зайди айым**
Билл жана Мелинда Гейтс фонду

**Башкы коноктун Куттуктоо сөзү, Нарын**

**Башкы коноктун Куттуктоо сөзү, Хорог**

**Эң мыкты бүтүрүүчүнүн кайрылуусу**


**Дипломдорду тапшыруу аземи**

**Ыраазычылык сөзү**

**Бүтүрүүчүлөрдүн салтанаттуу жүрүшү**

**Түшкү сый тамак**

# Төраганын куттуктоосу



БАУнун Камкорчулар Кеңешинин жана кызматкерлеринин атынан 2023-жылдын бүтүрүүчүлөрүн бүгүнкү маанилүү окуя болгон – Университеттин үчүнчү бүтүрүүчүлөрүнүн салтанаттуу аземи менен куттуктайм. Бүгүн биз Кыргызстан, Казакстан, Тажикстан, Ооганстан жана Пакистандын жарандарынан турган эң мыкты 76 бүтүрүүчүнү окуусун аяктап жаткандыгын баса белгилөөнү чоң сыймык деп эсептейбиз.

БАУ - бул коммерциялык эмес, светтик университет катары Борбор Азиядан чыккан жаңычыл, жол башчы жана көрөгөч-көсөм жаңы муундун өсүп чыгышы үчүн аймактагы алдыңкы агартуу, изилдөө жана маалымат борбору катары калыптануу боюнча өз миссиясын бекем карманат. Университет Борбордук Азиядагы өзөктүү өзгөрүүлөрдүн катализатору катары өзүн көрсөтүүгө талыкпай аракет кылып келе жатат. Булардын баары Улуу даражалуу Ага Хандын, Кыргыз Республикасынын, Тажикстандын жана Казакстандын өкмөттөрүнүн, Ага Хан Өнүктүрүү Уюмунун, ошондой эле биздин белгилүү эл аралык өнөктөштөрүбүздүн тынымсыз колдоосу менен жүзөгө ашты. Булардын баары аймактардагы, өзгөчө тоолуу коомчулуктардагы социалдык-экономикалык өнүктүрүүгө өбөлгө түзүп келе жатышат.

**Урматтуу ата-энелер!**
Биз бүгүн бир гана 2023-жылкы бүтүрүүчүлөрдүн жетишкендиктерине эмес, бул билим саякатындагы сиздердин да эң маанилүү ролуңар үчүн кубанычтабыз. Бул таасирдүү инсандар окууда эле ийгиликтерге жетпестен, ошондой эле акыркы беш жылда жалпылыктын ар түрдүүлүгүн кабыл алуунун маанилүүлүгүн түшүнүп жана сезе алышты. Алар окуп үйрөнүү – бул өмүр бою улана турган, тандалып алган кесипте жана иш карьерасында чоң пайда алып келе турган үзгүлтүксүз процесс экенин аңдай алышты.

**Урматтуу бүтүрүүчүлөр!**
Бүгүн силердин жетишкендиктерди белгилөө менен бирге БАУ ар бириңерди даярдаган ченемсиз потенциалды ишке ашыруудагы ийгиликтериңерди билүүгө болгон мүмкүнчүлүктөрдү чыдамсыздык менен күтөбүз. БАУда болгон ушул мезгил аралыгында ойлондура турган маселелерди “кабыргасынан” коё билүүгө болгон кайраттуулукка жана кыраакылыкка үйрөнө алдыңар, ошондой эле аларды чечүүнүн жолдорун табуу үчүн компетенттүүлүккө жана чечкиндүүлүккө ээ болдуңар. Өзүңөр умтулган иштерде салабаттуу жана жетишкендиктерге жеткенде токтоо болгула. Кыйынчылыктар менен бетме-бет кездешкенде туруктуу болгула жана өзүңөрдүн негиздүү баалуулуктарыңарга ишенимдүү бойдон калгыла. Эң негизгиси силерди ар дайым кучак жайып тосуп ала турган өзүңөр учкан билим уяңар болгон Борбордук Азия Университети менен кол үзбөстөн тыгыз байланышта болгула.

*Доктор Шамш Кассим-Лакха,*
*БАУнун Камкорчулар Кеңешинин төрагасы*

# Борбордук Азия Университети

Борбордук Азия Университети (БАУ) 2000-жылы светтик, коммерциялык эмес жана менчик университет катары Эл аралык Келишимдин негизинде түзүлгөн. Аталган Келишимге Кыргыз Республикасынын, Тажикстандын жана Казакстандын Президенттери, ошондой эле Улуу даражалуу Ага Хан тарабынан кол коюлган; Бул өлкөлөрдүн тиешелүү парламенттери тарабынан ратификацияланган жана Бириккен Улуттар Уюмунан каттоодон өткөн. Президенттер университеттин колдоочулары, ал эми Улуу даражалуу Ага Хан – канцлери болуп эсептелет. БАУ Ага Хан өнүктүрүү Уюму менен тыгыз өнөктөштүктө жана терең алакада иш алып барат.

БАУ тоолуу аймактардагы коомчулуктардын өнүгүшүнө өзгөчө көңүл бурат. Университеттин бакалавриат программалары Кыргызстандын Нарын, Тажикстандын Хорог деген шаарларында, Теңир-Тоо менен Памирден алыс эмес жерлерде дүйнөлүк деңгээлде атайын курулган турак-жай кампустарында жайгашкан. Казакстандын Текели шаарындагы кампусу долбоорлоо баскычында турат.

БАУ аймактагы интеллектуалдык жана экономикалык кайра куруулардын борборунан орун алган жана кеңири спектрдеги мүмкүнчүлүктөрдү сунуштаган 3 башталгыч Мектептеринин кызматын сунуштайт: Гуманитардык жана так илимдер Мектеби, Өнүктүрүүнүн Жогорку Мектеби, Профессионалдык жана үзгүлтүксүз билим берүү Мектеби.

Гуманитардык жана так илимдер Мектеби бакалавриаттын 5 жылдык программасын сунуштайт. Аталган программа студенттерге маселелерди чечүүгө карата ар кыл жолдорду интеграциялоо үчүн, ошондой эле кесиптик жашоодо жана мамлекеттик кызматтарда инновацияларды түзүүгө зарыл болгон билимдерди жана көндүмдөрдү өнүктүрөт. Окуу программасы өзүнө гуманитардык жана табигый илимдер боюнча билим берүүнү камтуу менен, студенттер бир нече сабактарды бириктирип турган айкалыштырылган адистиктерди окуп үйрөнүшөт.

Жогорку Өнүктүрүү Мектеби БАУнун Мамлекеттик саясат жана башкаруу Институтун, Тоолуу аймактардагы коомчулукту изилдөө Институтун, Гуманитардык илимдер жана маданий мурастар Бөлүмүн, Жарандык коом демилгелери жана Ага Хан Гуманитардык долбоорун камтыйт. Бул Мектептер көп кырдуу, дисциплина аралык болуп эсептелет жана биринчи кезекте тоолуу аймактардагы коомчулуктар үчүн практикалык жактан колдонула турган билимдерди алуу жана изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн арналган.

Профессионалдык жана үзгүлтүксүз билим берүү Мектеби 2006-жылы негизделген жана орто билимден кийинки жана үзгүлтүксүз билим берүүнү сунуштайт. Жаш адамдарга жана чоңдорго кесиптик жана профессионалдык квалификацияны, ошондой эле киреше табуу үчүн мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болууга өбөлгө түзүп берет. Сертификациялык программалар Кыргызстан, Тажикстан, Казакстан жана Ооганстандын 16 окуу борборунда сунушталат.

www.ucentralasia.org

# Гуманитардык жана так илимдер Мектеби

## “Глобалдык экономика” адистиги

Ануша Ашурова
Анушер Хуморико̆в
Анушервон Назаралиев
Бежан Бахромов
Гулабру Абдурхмонова
Исмоил Дустамбаев
Хизрдод Назаров
Хонум Вафодорова
Махтоб Мирзоджонова
Малика Шогунбекова
Мехер Ангаиз
Наима Мамадрасулова
Нисар Али
Рашодхуджа Рустамов
Сабрина Гулмамадова
Толибшо Мубракшоев
Ваджахат Али Хан
Зайнаб Мубаракшоева

## “Жер жана курчап турган чөйрө жөнүндө илимдер” адистиги

Ахмад Гулбеков
Аниса Зарджумиева
Фария Байг
Хушруз Саидиброимов
Мавлюда Чиниева
Ниташа
Рабия Факир
Расина Шамирова
Рудоба Имроншоева
Сабрина Музафари
Шоаиб Атаии
Сухайло Гарибова
Тазарф Шамирова
Убайд Саиди
Зайнура Кайковусова

## “Байланыш жана Массалык маалымат каражаттары” адистиги

Айбек Ниязалиев
Аида Оңайбаева
Аида Есимова
Алексей Ли
Алишо Конунов
Анис Чоршамбиев
Асылбек Асылханов
Бибисоро Куканбекова
Дарика Ургазиева
Элина Нам
Гулборбону Мирзоева
Лола Бодуренова
Милена Мельникова
Наримон Нурмамадов
Нурия Мулло-Абдолова
Саврибегим Назаршоева
Шахноза Курбонмамадова
Залкар Боронбаев

## “Компьютер илимдери” адистиги

Аббосчон Мадиев
Айза Женишбекова
Александра Югай
Арфан Шах
Арыстан Алтынбаев
Башир Алам
Бегайым Бексултанова
Диана Тенирбергенова
Диловар Машрабов
Эмир Абасканов
Эрлан Базаров
Хамроз Гавхаров
Хамза Ноебшоев
Каныкей Майрамбекова
Хушнуд Бокиев
Мээрбек Акимжанов
Мирзонабот Мирзонаботов
Наита Абдрахманова
Нина Петрушкова
Ромиз Абдуллаев
Рысгул Нурбекова
Шахноза Додихудоева
Шаханшо Савзалиев
Шанбе Кадамшоев

# БАУнун бүтүрүүчүлөрүнүн регалийлеринин дизайны

## Кыскача таржымалы

2020-жылы Борбордук Азия Университетинин (БАУ) Гуманитардык жана так илимдер Мектебинин 2021-жылдагы биринчи бүтүрүүчүлөрүнүн салтанаттуу аземинин алдында студенттер, окутуучулар жана аземдин башка катышуучулары үчүн бүтүрүүчүлөрдүн кийими менен баш кийимдерин иштеп чыгуу жана дизайн боюнча көзөмөлдөө комитети дайындалган. Аталган комитеттин курамына БАУнун 3 негиздөөчү-мамлекеттеринин окутуучулары жана кызматкерлери кирип, өздөрүнүн пикирлерин ортого талкууга коюшкан. Бул комитетти БАУнун Камкорчулар Кеңешинин төрагасы доктор Шамш Кассим-Лакха жетектеген.

Дизайн боюнча эл аралык кароо-сынак төмөндөгү принциптерди эске алуу менен өткөрүлгөн:

- БАУну негиздөөчү-мамлекеттер катары Кыргызстан, Казакстан, Тажикстан жана Исмалиттердин имаматынын декоративдүү-колдонмо көркөм өнөрүндөгү маданий жана салттык мотивдерди камтышы зарыл;
- Дизайн Борбор Азиянын көркөм салттарынын аралашмасын чагылдырууга тийиш, бирок кайсы бир өлкөнү же анын маданиятын так өзүндөй кылып окшош түрдө чагылдырбашы керек;
- Кийим жана баш кийим (чачысы бар) гендердик көз караште бейтарап болууга тийиш жана диний мүнөздө болбошу абзел.
- Түстөр БАУнун логотиби менен шайкеш келүүсү шарт: көгүш, кочкул көк жана ак.

Ачык кароо-сынак жарыяланган жана 50дөн ашык дизайнерлер өзүлөрүнүн сунуштарын тартуулашкан. Натыйжада 3 жеңүүчү тандалып алынган жана алардын дизайнердик идеялары БАУнун акыркы токтолгон регалийлери катары өз ара айкалыштырылган.



Бүтүрүүчү студенттердин негиз боло турган дизайнды көрсөтө турган регалийлери төмөндө берилген:

Кийимдерде пайдаланылган ар кыл декоративдүү мотивдер Борбордук Азия аймагына таандык. Негизи же башкы дизайны аталган аймактардагы таанымал болгон чынжырлардын декоративдүү мотивин туюндуруп, ар кыл аттар менен аталганына карабастан, достук, биримдик жана чын дили менен берилгендикти даңазалап турат.





БАУнун регалийлери кайсы бир өлкөнү же маданиятты кудум өзүндөй кайталабашы керектигин эске тутуу менен, бул негизги мотив дизайнер тарабынан кайра иштелип чыккан жана стилдештирилип, баштапкы эргүүнүн булагы менен болгон байланышты сактай турганына карабастан, жогоруда

көрсөтүлгөндөй БАУ үчүн башкача бир таризде жана кайталангыс болуп көрүнүп турат. Ошентип улуттар менен чек араларды кыйгап басып өтөт.

Дизайндын кабыл алууга ылайык жана даана байкалып турган Борбордук Азиялык мүнөздө болушуна ынаныш үчүн 3 негиздөөчү-мамлекеттердин маданият тармагындагы эксперттеринен кеп-кеңештер алынган.

Регалийлерде пайдаланылган башка мотивдер буларды камтыган:



Сол жагында Алоф мотиви жайгашып, отту туюндурган жана жылуулук менен меймандостукту чагылдырууга арналган. Оң жактагы дагы бир белгилүү мотив кийимдердин аркасында жана жеңдеринде иштелип чыккан жана стилдештирилген:





Сол жактагы фотосүрөттө БАУнун бүтүрүүчүлөрүнүн кийими менен кошо бирдей типтеги баш кийим да көрсөтүлгөн. Анда негизги регалийлердин дизайны камтылган жана Борбор Азиянын башка таанымал дизайнердик мотивдери менен кошумчаланган.

Окутуучулардын регалийлери да бүтүрүүчүлөрдүкүндөй эле концепциядагы дизайнды туюндуруп, бирок алтын түстүү жээк жана саймалар менен бастырылып, алардын саны даражасына жараша көбөйүп жүрүп олтурат. Жогорудагы фотосүрөттө үч катар жээкке алтын түстөр бастырылган.



БАУнун камкорчуларынын кийиминде татаалыраак декоративдүү мотивдер чагылдырылган:



БАУнун колдоочулары катары Кыргызстан, Казакстан жана Тажикстандын Президент-теринин регалийлери дагы БАУнун камкорчуларыныкындай эле кочкул көк негиздеги алтын менен жээктелген. Чакырылган ардактуу мейман ушуга окшогон регалийлерди кийет.



Канцлердин регалийи дизайн боюнча колдоочулардын регалийлерине окшош, бирок ак түстө болот:

